**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин**

**Класс жетекчилеринин Усулдук бирикмесинин**

**2020-2021 окуу жылындагы иштеринин анализи**

**Класс жетекчилеринин Усулдук бирикмесинде баары 11 класс жетекчи камтылат, алардын ичинен 4 башталгыч класстын класс жетекчилери.**

**УБ төмөнкү теманын негизинде иш жүргүздү: Тарбия берүү системасында класс жетекчилердин билим берүүдөгү заманбап технологиялары жана усулдары.**

**УБ максаты:** Класс жетекчилердин профессионалдык чеберчилигин жогорулатуу, педагогикалык тажрыйбаларын жайылтуу

**У.Б. милдеттери:**

1. Мектептеги тарбия берүү иштеринде эффективдүүлүктү жогорулатуу жана өркүндөтүү.
2. Класс жетекчилерге окуучуларды тарбиялоо иштерине маалыматтык-усулдук жана практикалык жардам көрсөтүүнү уюштуруу .
3. Тарбиялоо процессиндеги жаңы педагогикалык технологияларды үйрөнүүдө класс жетекчилерге усулдук жардам көрсөтүү.
4. Өздүк чеберчилигинин маалыматтык-педагогикалык банкты түзүү, өз тажрыйбасын жайылтуу.
5. Педагогдордун маалыматтык маданиятын өстүрүү жана тарбиялоо ишинде маалыматтык технологияларды колдонуу.

**Усулдук иштердин приоритеттүү багыттары:**

1. Тарбиялоо ишинде класс жетекчилердин, психология жана педагогиканын суроолору боюнча теориалык жана методикалык билимин жогорулатуу.
2. Класс жетекчилердин ишин бир багытка келтирүүнүн нормативдик-укуктук базасы тууралуу маалымат берүү.
3. Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды иликтөө, жалпылоо жана жайылтуу.
4. Класс жетекчилерди заманбап тарбиялоо технологиялары жана тарбиялоонун жаңы формалары жана методдору тууралуу билим менен камсыз кылуу.

Жогорку максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууда төмөнкүдөй иштер аткарылды. УБ класс жетекчилерге төмөнкү усулдук сабактар өткөрүлдү:

**Сентябрь айында өткөрүлөн УБ кенешмесинин темасы:** 2019-2020- окуу жылындагы тарбиялык иштердин негизги жолдомолору.

**Максаты:**

1. Класс жетекчилердин жаңы окуу жылындагы тарбиялык иштердин негизги жолдомолору менен тааныштыруу.
2. Мектептеги класс жетекчилердин орду жана анын функциялары тууралуу сунуштарды берүү.

**Төмөнкү маселелер каралды:**

1. 2021-2022-окуу жылынын класс жетекчилердин УБ ишинин анализи.
2. Класс жетекчилердин УБ 2022-2023 –окуу жылынын жаңы планын бекитүү.
3. Тарбиялык иштердин негизги жолдомолору, максаты жана милдеттери.
4. Мектептин жана класстын тарбиялык иштерин пландаштыруу.
5. Класс жетекчилерге нормативдик документтер тууралуу маалымат берүү
6. Ачык тарбялык сааттардын графигин түзүү.
7. Окуучулардын портфолиосы- иш аракетти баалоо каражаты.
8. Окуучулардын сабактан тышкаркы иштерин көзөмөлгө алуу.
9. Даталуу күндөргө карата мектеп кечелеринин графигин бекитүү.
10. Класстын социалдык паспорту

**Ноябрь айында өткөрүлөн УБ кенешмесинин темасы: Балдардын ар кандай курактагы психикалык –дене боюнун өнүгүүсүн өзгөчөлүктөрү. Өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумунун профилактикасы.**

**Максаты:** Класс жетекчинин ишинде окуучулардын өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүм-турумунун профилактикасынын технологияларын колдонууну уюштуруу.

Өткөрүүнүн формасы: семинар-практикум

***Каралуучу маселелер:***

1. 10-14-жаштагы балдардын психикалык –дене боюнун өнүгүүсүн өзгөчөлүктөрү.

Өспүрүмдөрдүн девианттык жана суидциддик жүрүм-турумунун себеби жана мотивдери.

Ар бир маселе боюнча кеңири маалымат берилди.

Ар бир класс жетекчинин өз билимин өркүндөтүү боюнча темалар такталып иш пландары жазылды.

Ал пландын негизинде иштер жүргүзүлүп жатат. Экинчи жарым жылдыкта алдыга коюлган милдеттерди ишке ашыруу үчүн төмөнкү иштер улантылды.

- Класс жетекчилердин окуучулар жана ата-энелер менен иш алып баруунун формаларын жана усулдарын үйрөнүүнү чеберчилигин жогорулатуу аркылуу улантуу;

- Класс жетекчилер класстык сааттарда, аңгемелешүү жүргүзүүдө , класстан тышкаркы иштерде, ата-энелердин чогулуштарын өткөрүүдө тарбиялоонун заманбап технологияларын өздөштүрүү иштерин улантуу;

**Январь айында өткөрүлөн УБ кенешмесинин темасы: Инсандын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири. Үй-бүлөлүк тарбиялоонун проблемалары жана үй-бүлө менен мектептин байланышы**

**Максаты:** Класс жетекчилердин окуучулардын үй бүлөсү менен иштөөдөгү психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктү жогорулатуу.

Өткөрүүнүн формасы: семинар

***Каралуучу маселелер:***

1. Окуучулар жана ата-энелер менен иштөөдө педагогикалык этика

2. Инсандын калыптанышына үй-бүлөнүн таасири

**Март айында өткөрүлөн УБ кенешмесинин темасы: Окуучуларды кесипке багытоодо социалдык проблемалар**

**Максаты:** Кесипке багыттоо иштерин уюштурууда рационалдуу ыкмаларды изилдөө.

Өткөрүүнүн формасы: педагогикалык тажрыйбанын ишканасы

***Каралуучу маселелер:***

1. Окуучуларды кесипке багытоодо социалдык проблемалар. Окуучулардын кесипке кызыгуусун диагностикалоо.
2. Окуучуларды кесипке багытоо иштериндеги системасы.

Тажрыйба алмашуу.

**Май айында өткөрүлөн онлайн УБ кенешмесинин темасы: Окуучуларды кесипке багытоодо социалдык проблемалар**

**Тема : Окуу жылынын тарбия иштеринин жыйынтыгын чыгаруу**

**Максаты:** Тажрыйба алмашуу.

Милдеттери:

- Окуу жылынын тарбия иштеринин анализин жүргүзүү
- Кийинки окуу жылына иштин натыйжалуу багыттарын иштеп чыгуу.

Өткөрүүнүн формасы: онлайн түрүндө болду.

***Каралуучу маселелер:***

1. Класс жетекчинин өз билимдерин өркүндөтүүнүн жана окуу жылындагы иштеринин жыйынтыктары, чыгармачылык отчёту
2. Окуучулардын эмгек практикасын жана жайкы эс алууну уюштуруу
3. Класс жетекчилердин УБ жаны окуу жылына перспективдүү планын түзүү.

Мындан тышкары класс жетекчилер менен бирдикте көптөгөн тарбиялык иштер жүргүзүлдү. Мисалы:

Сентябрь айында календардык пландын негизинде Билим күнүнө жана тарых жана маданият жылына карата 1-11-класстарда кл.жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар даярдалып, жакшы сабактар өтүлдү.

Укуктук тарбия берүү декадасына карата иш пландын негизинде көптөгөн тарбиялык иштер жүргүзүлдү.

23-сентябрь күнү кыргыз тили майрамын жакшы деңгээлде кыргыз тили мугалими Жаманкулова С. даярданып өткөрдү.

О.э. ден соолукка кам көрүү максатында тамеки жана насывай чегүү жана анын зыяндуулугу туурасында аңгемелер өткөрүлдү. Кыздар кенешинде ар кандай жугуштуу оорулар туурасында да лекцияларды өттү. «Гепатит» оорусу тууралуу атайын иш чара өтүлдү. О.э. жугуштуу оорулар туурасында жат жазуулар алынды.

Терроризм жана экстремизмге каршы «Терроризмге жол жок» деген аталышта атайын план түзүлүп, пландын негизинде иш чаралар өткөрүлдү. Ар бир класста класстык сааттар өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Андан башка терроризм жана экстремизм боюнча суроолор, аларга каршы туруу жана коопсуздук жөнүндө аңгемелер өткөрүлдү. Атайын стенд даярдалып илинди.

Ушул иш-чаралар менен эски жылды жыйынтыктап, Жаны жылды тосуу майрамы болду. Башталгыч класстын окуучулары жана быйыл жаны жыл майрамын Бишкек шаарындагы Муса Жангазиев атындагы куурчак майрамга катышып белектерин алышты. Андан кийин Аянттагы балатыга келип сүрөткө түшүштү.

Ал эми 5-11-класстар мектептеги жаңы жылдык балатыны коздоп, атайын түзүлгөн программанын негизинде өткөрүлдү. Жаңы жылдык кечени 11-класстардын окуучулары эң жакшы даярдыктар, мыкты уюштургандык менен өткөрө алышты.

Кл.жет УБ жетекчиси : Дюшенбаева С.Э.